# "Мен Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа салламдын, кол астындагы бала элем. (Тамактанууда) колум табактын ар тарабына кетет эле. Ошондо Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, мага: "Эй, бала! Бисмиллах" - деп, Аллахтын атын ата. Оң колуң менен жана өз алдыңдан жегин!" – деп айтты. Мен ошондон бери (Аллахтын Элчиси үйрөткөндөй) тамактанам".*@

Умар бин Абу Салама, радыяллаху анху, риваят кылып мындай деп айтты: "Мен Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа салламдын, кол астындагы бала элем. (Тамактанууда) колум табактын ар тарабына кетет эле. Ошондо Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, мага: "Эй, бала! Бисмиллах" - деп, Аллахтын атын ата. Оң колуң менен жана өз алдыңдан жегин!" – деп айтты. Мен ошондон бери (Аллахтын Элчиси үйрөткөндөй) тамактанам".
[Сахих (ишенимдүү)] [Муттафакун алайхи (хадистин ишенимдүүлүгүнө бир оздон макулдашылган)]

Умар бин Аби Салама, радыяллаху анхума, Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа салламдын, аялы Умму Саламанын уулу, мындай деп кабарлап жатат. Ал Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа салламдын, тарбиясында жана камкордугунда болгон. Ал тамак ичип жаткан учурда тамакты алуу үчүн колун идиштин ар тарабына сунчу. Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, ага тамактануунун үч эрежесин үйрөттү. Биринчиси: Тамактанып баштаганда "бисмиллах" деп айтуу. Экинчиси: оң кол менен тамактануу. Үчүнчүсү: Өзүнө жакын тараптан тамактануу.



النجاة الخيرية
ALNAJAT CHARITY
لجنة الدعوة الإلكترونية
EDC E-Da'wah Committee